Биздин дарек:

Нарын шаары

Ленин көчөсү 33.

Даярдаган: С. Жакыпова

*Нарын облустук С.Орозбаков атындагы китепкана*

*Манас таануу жана маалымат берүү залы*



# Улут сыймыгы Турдакун Усубалиевге

## 100жыл

***(1919-2015)***

Нарын -2019

## Өмүрү урпактарга өрнөк инсан

“Турдакун Усубалиев өлкөнү жетектеген чейрек кылымдын ичинде кыргызстанда көп өзгөрүүлөр болгон, агрардык-индустриалдык өлкөгө айландык, миңдеген сугат жерлерин оздөштүрүлүп, мелиорация жана ирригацияга чоң көңүл бурулган“

Өзгөрүүлөр экономика, маданият жана жашоонун баардык тармактарында болду.

Сооронбай Жээнбеков.

# Кыргызстандын тагдыры менен тамырлаш, кеменгер , коомдук жана мамлекеттик ишмер

# Кыргыз Республикасынын Баатыры

# Турдакун Усубалиевге

# 100 жыл

## Библиографиялык колдонмо

*Улуу муундагылар бүтүндөй өмүрү өлкөнүн тарыхы менен ажырагыс экендиги, интелектуалы бийик жетекчи катары маданият, адабият, илим, билим тармагынын өсүп-өнүгүшүнө өзгөчө көңүл буруп, таланты таш жарган интелигенциянын чыгаан муундары өсүп чыккандыгын сыймыктануу менен айтып келишет.*

*Т. Усубалиевди Кыргызстандын тарыхынын бир бөлүгү катары кароого болот.*

*Усубалиевдин учурунда көптөгөн мектептер, шаар аралык жолдор, эл аралык "Манас" аэропорту, политехникалык, айыл чарба жана медициналык окуу жайлары ачылып, жалпысынан 150 имарат курулуп, анын ичинен 87 китепкана, 25 клуб, 16 кинотеатр, 4 театр салынган.*

*Турдакун Усубалиев кадрларды даярдоого өзгөчө көңүл буруп, аларга дайыма көзөмөл жүргүзүп тарбиялоочу.*

*Дүйнөдө турмуштун татаал маселелерин талдай билип, башкалар көрбөгөндү көрө билген, доордун добушун тыңшап, , тамырын кармаган нечен акылгөйлөр өткөн. Бирок орошон ойчулдар менен даркан даанышмандардын арасында да келечектин кебетесин байкап, турмуш кай жакты көздөй агаарын сезген олуялары, ойчулдары, башкаруучулары өткөн.*

*Дал ушул сапаттын ээси-*Турдакун Усубалиев.

*Кыргыз Республикасынын Баатыры, Бишкек шаарынын ардактуу атуулу, "Руханият" сыйлыгынын ээси, тарых илимдеринин кандидиаты, коомдук жана мамлекеттик ишмер Турдакун Усубалиев бүтүндөй кыргыз элине белгилүү инсан."*

Турдакун Усубалиев 1919-жылдын 6-ноябрында Нарын облусунун Кочкор районуна караштуу Тендик айылында туулган. Мамлекеттик, саясий ишмер. Кыргыз Эл Баатыры, тарых илимдеринин кандидаты.

1941-жылы Кочкор айылындагы орто мектепте окуу бөлъмънън башчысы, 1941–45-жылдары Кыргызстан КП Кочкор райкомунун пропаганда жана агитация бөлүмүнүн инструктору, 1945–55-жылдары КПСС БКнын аппаратында жооптуу кызматта, 1955–56-жылдары «Советтик Кыргызстан» гезитинин редактору, 1956–58-жылдары Кыргызстан КП БКнын пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы, 1958–61-жылдары Кыргызстан КП Фрунзе шааркомунун 1-катчысы, 1961–85-жылдары Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы болуп эмгектенген

СССР Жогорку Советинин 5 жолку (1962–84), Кыргыз ССР Жогорку Советинин 6 жолку (1959–85), Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. Партиянын 22-25 съезддеринин делегаты, СССР Жогорку Советинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаты. Союз Советинин тышкы иштер комиссиясынын, Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумунун мүчөсү.

Турдакун Усубалиев республиканын партиялык жана советтик органдарын жетектөө менен өзүү талантуу уюштургуч жетекчи катары кыргыз элине гана эмес бүткүл Союздук республикаларга таанымал инсан болгон.

Турдакун Усубалиевдин жетекчилиги менен Кыргызстандын экономикасын, илим менен маданиятынын бардык тармактарын өнүктүрүү, калк турмушун жакшыртуу, Кыргызстан компартиясынын катарын өстүрүү жана чындоо боюнча зор иш чаралар жүргүзүлгөн.

Кыргыз ССРин жетектеп турган учурда бүткүл Союздук маштадагы ири долбоорлор ишке ашырылган. Буга мисал катары: бир нече ГЭСтердин курулушу, борбор калаадагы чоң-чоң имараттар салынып, көптөгөн завод, фабрикалар курулуп ишке берилген. Ошондой эле Т.Усубалиевдин башкаруу мезгилинде айыл жана мал чарбачылыгы, болуп көрбөгөндөй жогорку деңгээлге чыккан.

Кыргызстандын мамлекет катары калыптанышына Турдакун Усубалиевдин эмгеги зор. Ал башкарган жылдары өлкөбүздүн ички дүң продукциясынын көлөмү 2,5 эсеге көбөйгөн. Агрардык республикабызда завод -фабрикалар, тоо-кен өнөр жайы, энергетикалык обүектилер пайда болгон «Манас» аэропорту, Өкмөт үйү, Улуттук филормония, Спорт сарайы. Улуттук китепкана, сүрөт, тарых музейлери, Т.Усубалиевичтин жеке аракети менен бүткөрүлгөн курулуштардын эн ирилери болуп саналат.

Турдакун Усубалиев бир нече көлөмдүү эмгектерин автору. Алар негизинен көп улуттуу Совет элинин достугу жана бир туугандагынын Лениндик багытында, партиянын жүргүзгөн саясатын иш жүзүндө ашырууга, СССР элдеринин бир туугандык үй-бүлөсүндө Кыргызстандын экономикасы менен маданиятынын жогорулашына арналган.

Турдакун Усубалиев элибиздин сыймыгы болгон «Манас» эпосун элдин калың катмарына толук тааныштыруу, китептерин чыгаруу максатында бир катар уюштуруучулук иштерди жүргүзгөн. 1978-1982-жылдары анын аракети менен Сагынбай Орозбаковдун жана Саякбай Каралаевдин варианттары боюнча китептери басылып чыгарылган. Бишкек шаарында эпоско арналган скульптуралык композиция, белгилүү манасчылардын эстеликтери орнотулган.

Т.Усубалиевдин Кыргызстандын өсүп өнүгүшүнө кошкон эмгеги жогору бааланып, союз учурунда, 4 Ленин, 1-даражадагы «Манас», 2 Эмгек Кызыл Туу, Кыргыз Эл Баатыры наамы, Октябрь Революциясы ордендери жана 80 жылдык маарекесинде «Ак шумкар» өзгөчө белгиси менен сыйланган. Ысымы Кочкор районундагы чарбага берилген.

Турдакун Усубалиев бала чагында эле жакшы окуган, пионер, комсомол уюмдарынын ишинде өзүнүн уюштургуч, иш билги жөндөмүн көргөзгөн.

Ушундан улам аны жолдоштору сыйлашкан. Өз алдынча көп окуп, жаш чагында эле келечекте жакшы адамдардан

болсом экен деп аракет кылган. Ал кыргыз жаштарынын билим алуусуна, айрыкча орус тилин мыкты өздөштүрүшүнө көп көңүл бурган. Натыйжада анын түздөн-түз демилгеси менен борбор шаарда Орус тили жана адабияты педагогика институту (ПИРЯЛ) (азыркы БГУ) ачылган.

## Үй-бүлөсү

Атасы - Усубалы Кененсариев, апасы - Рапия Байгазиева. Карындашы Сайра Усубалиева. Өмүрлүк жары - Усубалиева Күлжаке Ниязаливна (1920-2000). Балдары: уулу Сыргак (1946-2007), уулу Эсенгул (1948), кызы Бермет (1958). Неберелери: Эркин, Эрмек, Энвер, Эсен жана Бегайым. Чөбөрөлөрү: Элан, Этар, Эмир, Эмад, Таир-Кемел, Сана-Адель.

Сайра Усубалиева: Турдакун ишинин көптүгүнө карабастан, үй-бүлөөгө да көңүл бурууга жетишчү. Үй-бүлөөдө эки биртууган эле болчубуз, мен жана ал, ошондуктан биз абдан ынтымактуу элек. Өмүр бою эл - деп, эл үчүн иштеген адам эле.

Небереси Эсен Усубакуновдун айтуусуна караганда Турдакун атабыз үй-бүлөөдө небелерин, чөбөрөлөрүн абдан жактырып, үйдө өзүн жайлуу алып жүрчү. Бирок, ошого карабастан өзүнүн ички олуттуулугу, сабырдуулугу сезилип турчу. Албетте, түрдү тамашаларды айтып, үй-бүлөө ичинде көңүлү ачык, катардагы адамдардай эле жакшы маанайда болуучу.

## Билими жана илимий ишмердиги

1919-ж. Нарын облусунун Кочкор районундагы Кочкор кыштагында туулган.

1938-1941-жж. Кочкор кыштагында мугалим, окуу иштери боюнча директордун орун басары

1941-ж. Кыргыз мамлекеттик педагогика институтун бүтүргөн

1945-ж. ВКП(б) БКнын алдындагы жогорку партиялык мектебин бүтүргөн

1965-ж. Москвадагы В. И. Ленин атындагы педагогикалык институтун бүтүргөн.

1977-ж. Тарых илимдеринин кандидаты

2009-ж. Кыргызстан УИАсынын ардактуу академиги

2013-ж. КУУ жана БГУнун ардактуу профессору, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин доктору.

## Саясый ишмердиги

1941-ж. партиянын Кочкор райкомунда бөлүм башчынын орун басары

1941-1945-жж. Кыргызстан КП БКнын (1941—45) инструктору

1945-1955 КПСС БКнын инструктору

1955-1956-жж. Республикалык «Советтик Кыргызстан» кезитинин редактору

1956—1958-жж. Кыргызстан КП БКнын бөлүм башчысы

1958-1961-ж. Кыргызстан КП Фрунзе шааркомунун 1-секретары.

1961.09.05 - 1985. 02.11 Кыргызстан КП БКнын 1-секретары.

1985-ж. тартып пенсионер

1961-ж. тартып КПССтин мүчөсү. СССР Жогорку Кеңешинин 6-11 чакырылыштарын депутаты

1985-ж. партиялык дооматтар менен 1985-ж. партиядан чыгарылган, бардык льготаларынан ажыратылган. Бирок КПСС БК бул чечимге макулдук берген эмес. 1988-ж. кайра Т.

Усубалиевдин арызы каралып, коюлган дооматтардан акталып,партиядагы мүчөлүгү жана льготалары толугу менен калыбына келтирилген.

.

1995-ж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1-2 чакырылыштарында эл өкүлдөр жыйынын депутаты, депутаттардын ыйгарым укуктары, этика, жалпы маалымат каражаттары жана коомдук бирикмелер менен байланышуу комитетинин төрагасы.

2008-ж. "Бирдиктүү Кыргызстан" партиясынын түптөөчүлөрүнүн бири болгон.

## Чыгармалары

Дружба народов - наше бесценное завоевание. Ф., 1977

Эпоха. Созидание. Судьбы: Книга воспоминаний Первого секретаря ЦК Компартии Киргизии в 1961—1985 гг. Б., 1995

Надо знать прошлое, чтобы не ошибиться в будуцем. — Б., 1996

Как меня преследовали горбачевцы. Моральный и политический террор: Рассказ бывшего Первого секретаря ЦК Компартии Киргизии. Б., 1997.

## Ой-пикирлер

Эрмек Усубалиев, Турдакун Усубалиевдин небереси “ФРУНЗЕ ӨЗГӨЧӨ АРХИТЕКТУРАСЫ МЕНЕН ЭСТЕ КАЛДЫ” — Чоң атам бош убактысын бизге арнаганга аракет кылчу. Кээде биз менен ойноп, сейилдеп, кызыктуу нерселерди айтып бергенге убакыт тапса, кадимкидей жүзүнөн жылмаюуну байкаар элек. Ал эмгек өргүүсүн алганда көпчүлүк учурда Ысык-Көлгө барып эс алып келчүбүз. Ал эми калган күндөрү Фрунзенин балмуздактарын тамшана жеп, кинотеатрларга барып, фонтандарды айлана чуркап ойноп өткөргөн күндөр артта калды. Фрунзе ушунусу менен эсимде. Ал мезгилде адамдар да башкача эле. Шаардын архитектурасы да өзүнчө бир таасир калтырып турчу. Кандайдыр бир кичинекей иш жасасам да, төрөлүп-өскөн борбор калаама салым кошкум келет.

Турду Жыргалбеков, профессор, тарых илимдеринин доктору, КРнын маданиятына эмгеги сиңген ишмер Бүгүнкү күнү да кыргыз эли Т.Усубалиевге чоң ишеним менен карап турат, сыйлайт, ал ошого татыктуу.

Турдакун Усубалиев жетекчи катары таза, адамкерчиликтүү, иштин көзүн билген адам болгон. Анын бул касиети дайыма баарыбызга өрнөк болууга тийиш .
Ал өмүр бою Кыргызстандын кызыкчылыктарын коргоп, Кыргызстан элине кызмат кылып өттү. Турдакун Усубалиевдин аты Кыргызстан тарыхына алтын тамга менен жазылат.

А.Атамбаев

«Бул инсан ар бир адамдын кылган эмгегин, жазаган иштерин төкпөй чачпай айтып берер эле. Ар бир мыйзамды төкпөй чачпай, ар бир каражатты чегерүүдө эн бир зор иштерди жасаган инсан. Сон-Көлдүн суусун алып пайдаланабыз деп коншу өлкөлөр келгенде баш тарткан адам болгон.

Т.Усубалиевдин басып өткөн жолу бул мамлекеттин тарыхы, бизден кийинки муундарга дагы жеке мамлекеттик сабак. Коомдук ишмердин инсандык сапаты эң жогору,

Т.Сарпашев.

Калыгул олуянын чөбөрөсү болгон Турдакун Усубалиевдин токпейилдиги, токтоолугу, сылык-сыпаа жүрүм туруму кыргыздын ак сөөк адамы экенин кабарлайт

Т.Усубалиев Кылымга тете өмүрдү басып өттү. Ал элибиздин бактысынын башаты болуп, доорубуздун пайгамбары катары калктын өмүрү менен түбөлүк жашайт

Турдакун Усубалиевичтин өмүрү элге кызмат кылууга арналган, ал аны басып өткөн жолу менен далилдеп көрсөттү. Турдакун Усубалиев Улуу философ —акын, айтылуу Калыгул даанышмандын чөбөрөсү. Кезегинде Калыгул Олуя: “Менин урпактарымдан экөө катар чыкпайт, бирден үзүлбөй чыгып турат” деп айткан экен

Жакшы чыккан азамат Элин билет.
Эчен түрдүү адамдын Тилин билет.
Чыгып турган ал Адам Чынар болот.
Чымчык сайрап чынарга Булбул конот
Түбү жоон тамгалуу Терек болот.
Көлөкөсү көп жылга Керек болот — деген философиялык саптары кыргыз поэзиясынын негиздеринен болуп калды.

## ***Колдонулган адабият***


“Кыргыз Тарыхы. Энциклопедия” Бишкек 2003.

“Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору”

“И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик Педагогикалык университети”

Т.Усубалиев. Элибизге терең ыраазымын: Публицистикалар, эскерүүлөр, ой жүгүртүүлөр.-Б.: Бийиктик, 2010.356б.

Кыргыз туусу, Эркин тоо, Теңир тоо газеталары

Интернет булактарынан алынган маалыматтар


**Бул жашоодо чындык бар да төгүн бар,**
**Жанган от бар жана өчкөн көмүр бар**
**Өлдү бүттү дегендерге кошулбайм**
**Өлүп бирок жашай берчү өмүр бар-** деп Кыргыз эл акыны Э. Ибраев айткандай Т.Усубалиев көзү өтсө да экинчи өмүрү бүгүнкү күндө борборубуз Бишкек шаарындагы архитектуралык эстеликтреде, имараттарда .........











*Турдакун Усубалиев 2015-жылы 6-сентябрда узакка созулган оорудан каза болгон.*

*Улутубузга Улук аталып,
жаратмандык күч кубаты менен
өтөлгөлүү өмүрүнө асмандагы
чолпон жылдыздай өчпөс из
калтырып кеткен улуу инсандын
жетекчилик ишмердүүлүгү
тууралуу кандай даңазаласак
да аздык кылаар.*